| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XI кезектеги сессиясы**

## ТОКТОМ

2026-жылдын 4-февралы №156 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Бар-Булак айылынын Н.Мамбетов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин түндүк тарабындагы коду № 133 жер аянтынын ичинен 0,20 га жер тилкесине Маданият үйүн салууга макулдук берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнанын кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Бар-Булак айылынын Н.Мамбетов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин түндүк тарабындагы контур коду № 133 жер аянтынын ичинен 0,20 га жер тилкесин Маданият үйүн салуу үчүн макулдук берүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Бар-Булак айылынын Н.Мамбетов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин түндүк тарабындагы контур коду № 133 жер аянтынын ичинен 0,20 га жер тилкесин Маданият үйүн салуу үчүн каралсын, макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Д. Дастановго тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** **А.А. Мамбетов**